*Кармышаков М.А., Токтакун кызы Г.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ ӨНДҮРҮШҮ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ЖАНА АНЫН МААНИСИ

*Кармышаков М.А., Токтакун кызы Г.*

# ПОНЯТИЕ И ЗНАЧЕНИЕ ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО ПРОИЗВОДСТВА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*M.A. Karmyshakov, Toktakun kyzy G.*

# VALUE AND CONCEPT OF EXECUTIVE PRODUCTION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 343.93(575.2)*

*Аткаруу өндүрүшү – бул жарандык процесстин бүтүрүүчү стадиясы болуп саналат. Анткени, анын эң негизги маани-маанызы болуп, сот адилеттигин ишке ашыруу, соттун чечими менен аныкталган укукту реалдуу калыбына келтирүү, бузулган укуктарды калыбына келтирүүгө багытталган ар түрдүү юрисдикциялык органдардагы соттук коргоонун натыйжалуулугу көбүн эсе кабыл алынган соттук чечим менен актыларды реалдуу актарылуусу максималдуу камсыз болгондугуна байланыштуу болот. Соттук актыларды аткаруу – реалдуу иш-аракеттин үзгүлтүксүз процесси, башкача айтканда аталган процессти жөнгө салууда токтотууга мүмкүн болбогон иш-аракеттер. Учурдагы илимде көпчүлүк юристтердин пикири боюнча аткаруу өндүрүшү жарандык процесстин стадияларынын бири болуп эсептелет. Башка бүрөөлөрдүн пикири боюнча аткаруу өндүрүшү – бул жарандык процессуалдык укуктун баскычы катары эмес, өз алдынча укук тармагы катары каралышы керек. Ошондуктан бул тема учурдун актуалдуу темасы катары изилдөө зарылдыгын негиздейт.*

***Негизги сөздөр:*** *аткаруу өндүрүшү, жарандык укук, жарандык процесс, мыйзам, сот, сот актаруучу, сот өндүрүшү.*

*Исполнительное производство – это завершающая стадия гражданского процесса. Ее огромное значение заключается в том, что эффективность судебной защиты, а также защиты прав, осуществляемой различными юрисдикционными органами, во многом зависит от максимального обеспечения реального исполнения принимаемых ими решений и актов. Исполнение судебных актов - процесс непрерывный, в реальной действительности его невозможно остановить даже при отсутствии правовой основы, регулирующей данный процесс. В современной науке большинство юристов придерживается точки зрения о том, что исполнительное производство является стадией гражданского процесса. Это направление считается традиционным. Другие же юристы утверждают, что исполнительное производство – это нестадия гражданского процесса, а самостоятельная отрасль права. Этим обосновывается актуальность данной темы исследования в настоящее время.*

***Ключевые слова:*** *исполнительное производство, гражданское право, гражданский процесс, закон, суд, судебный исполнитель, судебное производство.*

*Executive production is the final stage of the civil process. Its great importance lies in the fact that the effectiveness of judicial protection, as well as the protection of rights exercised by various jurisdictional bodies, largely depends on maximizing the real execution of their decisions and acts. The execution of judicial acts is a continuous process, in reality it cannot be stopped even in the absence of a legal framework regulating this process. In modern science, most lawyers hold the view that enforcement proceedings are a stage of a civil process. This direction is considered traditional. Other lawyers argue that enforcement proceedings are not a stage of a civil process, but an independent branch of law. This justifies the relevance of this research topic at the present time.*

***Key words:*** *enforcement proceedings, civil law, civil procedure, law, court, bailiff, judicial proceedings.*

Аткаруу ишин кыскартуу, сот аткаруучунун чечимдерине (аракетсиздигине) даттануу ж.б.) соттун тикелей катышы болгондуктан сот аткаруу өндүрүшү жарандык процесстин стадияларынын бири болуп эсептелет. Башка авторлордун оюнча соттук аткаруу өндүрүшүнө байланыштуудагы башка укуктук мамилелер (аткаруу өндүрүшүн козгоо, карызды карызкордун буюмунан өндүрүү, ага камаксалуу, аны баалоо, ж.б.) бир жагынан сот аткаруучу, экинчи жагынан аткаруу өндүрүшүнүн катышуучулары (өндүрүүчү, карызкор, өкүлдөр, котормочулар, эксперттер ж.б.) ортосунда өз ара тикелей, соттун катышуусуз эле түзүлгөндүктөн, аткаруу өндүрүшүн жарандык процесстин стадияларынын бири деп кароо маселеси жаңыча ой жүгүртүүнү талап кылууда. Аткаруу өндүрүшү негизинен, жарандык процесстин акыркы (бүтүүчү) стадиясы экендиги анык, анткени, сот адилеттигин ишке ашыруу, соттун чечими менен аныкталган укукту реалдуу калыбына келтирмейин, аны зарыл болгон учурда мажбурлап аткармайын мүмкүн эмес [1].

Аткаруу өндүрүштүн катышуучуларына сот органдары, актыларды мажбурлоо менен аткаруучу органдар (сот аткаруучу), тараптар (өндүрүүчү жана карызкор), ошондой эле чечимдерди мажбурлап аткаруу аракеттерге көмөк көрсөткөндөр (өкүлдөр, котормочулар, эксперттер ж.б.) да кирет [2].

Аракеттеги мыйзамдын негизинде сот аткаруучулук кызматка оперативдик көзөмөлдөөнү ишке ашыруудан сот органдары бошотулган. Аталган мыйзамдын талабына ылайык, соттук аткаруучулар Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу сот департаментинин жана анын аймактык органдарынын алдында турат. Соттук аткаруучулардын ишин уюштуруу жана аларга контролдук кылуу тартиби:

Соттук аткаруучулар сот департаментинин директору жана областтык башкармалардын начальниктери тарабынын кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат. Сот департаментинин директору, кызматы боюнча Кыргыз Республикасынын башкы соттук аткаруучусу, сот департаментинин областтык башкармаларынын начальниктери – областтардын башкы соттук аткаруучулары болуп саналат [3].

Кыргыз Республикасынын башкы соттук аткаруучусу жана областтардын башкы соттук аткаруучулары, ошондой эле улук соттук аткаруучулар соттук аткаруучулардын ишине жетекчилик кылат, алардын ишин уюштурат жана контролдойт, сот актыларынын жана башка органдардын актыларынын реалдуу, толук жана өз убагында аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилике тартылат. Сот актыларын жана Кыргыз Республикасынын башка органдарынын актыларын аткаруу сот аткаруучуларга жүктөлөт жана алардын жалпы саныда Кыргыз Республикасынын президенти тарабынан сот департаментинин директорунун сунушу боюнча аныкталат. Буга карабастан сот, сот аткаруу өндүрүштүн жөнөкөй эле субъектиси болбостон, ал өзү катышып жаткан аткаруу өндүрүштүк бийликке ээ болгон чечүүчү субөектилерден (катышуучу) болуп эсептелет [4]. Ушуга байланыштуу, соттордун ыйгарым укуктарына аткаруу өндүрүшүн козгоого, иштин өнүгүшүнө жана анын кыскартылышына байланышкан жана башка негизги жана өтө маанилүү маселелер кирет.

Жалпылап айтканда, соттун карамагында, анын аткаруу өндүрүшүнө активдүү таасир тийгизүүсүн камсыз кылуучу маанилүү укуктук каражаттар жетишерлик.

Буларга төмөндөгүлөр кирет: сот аткаруучунун токтомуна келтирилген даттануу арызды кароо; аткаруу баракчага кол кою; аткаруу баракчасын берүү; аткаруу баркчасын же сот буйругунун көчүрмөсүн берүү; өткөрүлүп жиберилген аткарылуу мөөнөттү калыбына келтирүү; аткарылууга чейин болгон сот актысын түшүндүрүү; судьянын, аткаруу өндүрүштү токтото туруу милдети жана укугу; аткаруу ищин кыскартуу; аткаруу мөөнөтүн кийинкиге калтыруу же узартуу сот аткаруучунун чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) келтирилген даттануу арызды кароо, аткаруу өндүрүшүнө байланыштуу дагы башка бир катар маанилүү маселелер да биринчи инстанциядагы ишти карап чечим чыгарган сот тарабынын чечилет [5].

Мажбурлоо менен аткаруу органдарына, сот аткаруучу кирет, сот аткаруучу – мамлекеттик кызматта турган жана ага мыйзам менен соттук актыларды жана башка органдардын актыларын аткаруу боюнча милдет жүктөлгөн кызматадамы. Башкача айтканда, мажбурлап аткарууну ишке ашыруучу адамкатары, мажбурлап аткаруунун органы болуп, дал ошол сот аткаруучу эсептелет.

Бул милдеттерди эфективдүү аткаруу үчүн сот аткаруучуларга, мыйзамда жогорулатылган талаптар коюлган, ага ылайык соттук аткаруучуга коюлуучу талаптарга төмөндөгүлөр кирет: Жыйырма беш жашка чыккан, жогорку юридикалык билими бар, соттолбогон жана ден соолугу боюнча ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын жараны сот аткаруучу боло алат.

Соттук аткаруучу өз ишин мыйзамга ылайык жүргүзүүгө, аткаруу документтерин реалдуу, толук жана өз убагында аткаруу үчүн бардык мыйзамдуу чараларды көрүүгө, жана өз ишинде жарандар менен юридикалык жактарын укуктарынын жана мыйзамдуу таламдарынын кысымга алынышына жол бербөөгө милдеттүү [6].

Соттук аткаруучулар кызматынын бөлүм жетекчиси болуп улук соттук аткаруучу саналат. Соттук аткаруучуга коюлган талаптарга жооп берген жана соттук аткаруучу болуп, кеминде бир жыл практикалык иш тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын жараны улук соттук аткаруучу боло алат [7].

Соттук аткаруучунун укуктары жана милдеттери:

1) Токтом чыгарууга;

2) Мыйзамда каралган учурларда административдик укук бузуулар жөнүндө протокол түзүүгө;

3) Аткаруу иш-аракетин жүргүзүүдө келип чыккан маселелер боюнча зарыл маалыматтарды, түшүндүрмөлөрдү жана маалымдамаларды талап кылууга. Банктык жашыруун сырды камтыган маалыматтарды талап кылган учурда, мындай маалыматтарды талап кылуу укугу сотактысында көрсөтүлүүгө тийиш;

4) Иш – аткаруу аракеттерин жасоого негиз болгон аткаруу документинде камтылган талаптар так эмес болгон учурда аткаруу документин берген сотко же башка органга, аны аткаруунун тартибин түшүндүрүп берүү үчүн кайрылууга;

5) Аткаруу иш – аракеттерин жүргүзүүдө келип чыккан маселелер боюнча, анын ичинде аткаруунун ыкмасын жана тартибин өзгөртүү жөнүндөгү маселе боюнча сотко же башка органга арыз менен кайрылууга;

6) Өндүрүштөгү аткаруу документи боюнча жарандарды жана кызмат адамдарын чакыртууга;

7) Менчигинин түрүнө карабастан, бардык уюмдарда аткаруу документтеринин аткарылышына жана

алар боюнча финансылык документтештирүүнү жүргүзүү боюнча белгиленген тартипте контролдук кылууга;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен жаза, болбосо административтик жоопкерчилик каралган ушул Мыйзамдын талаптарын бузуу фактылары боюнча материалдарды тийиштүү органдарга берүүгө;

9) Ушул мыйзамда каралган ж.б. иш-аракеттерди жасоого укуктуу [8].

Соттук аткаруучу: аткаруу документтерин реалдуу, толук жана өз убагында аткаруу үчүн мыйзамда каралган чарларды көрүүгө; тараптарга алардын укуктарын жана милдеттерин, жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдын жоболорун түшүндүрүүгө жана алардын мыйзам менен корголуучу укуктары жана таламдарынын корголушуна жигердүү жардам берүүгө; аткаруу өндүрүшүнүн тараптарына же алардын өкүлдөрүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган эрежерлерден пайдалануу жана милдеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүн берүүгө; аткаруу өндүрүшү тууралуу арызды жана тараптардын өтүнүчтөрүн кароого, аларга даттануунун мөөнөттөрүн жана тартибин түшүндүрүүгө; эгерде анын аткаруу өндүрүшүнүн жыйынтыгына түздөн-түз же кыйыр түрдө кызыкчылыгы болсо же анын акниеттигине күмөн санаткан башка жагдайлар болсо актыны аткаруудан өзү баштар туугам илдеттүү.

Соттук аткаруучулардын милдеттери: соттук аткаруучуларга жарандык жана административдик иштер боюнча чечимдерди, аныктамаларды жана токтомдорду, жаза иштери боюнча мүлктү көндүрүп алуу жагындагы өкүмдөрдү, аныктамаларды жана токтомдорду аткаруу боюнча милдет, ушул мыйзам менен каралган учурларда, башка органдардын чечимдери менен токтомдорун аткаруу милдети да жүктөлөт [9].

Соттук аткаруучулар Кыргыз Республикасынын Юстиция министрилигине караштуу Сот департаментинин жана анын аймактык органдарынын алдында турат. Соттук аткаруучулардын сот атыларын жана башка органдардын актыларын аткаруу боюнча талаптары Кыргыз Республикасынын бүткүл-бардык аймагында, бардык мамлекеттик органдар, чарба жүргүзүүчү субъекттер, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жарандар үчүн милдеттүү. Соттук аткаруучуга мыйзам менен жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтар, документтер жана алардын көчүрмөлөрү, анын талабы боюнча акысыз жана белгиленген мөөнөттө берилет [10].

Эгерде Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерде мамлекеттик мыйзамда камтылгандан башка дагы эрежелер белгиленген болсо, анда эл аралык келишимдин укуктук ченемдери колдонулат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодекси 52-б. 1-бөл. - Бишкек, 1999.
2. Гражданский процесс, под редакцией Треушникова М.К. - Москва, 2007.
3. Гражданский процесс под редакцией И.П. Гришина. - Москва, 2000
4. Жуйков В.М. Проблемы гражданского процессуального права. - Москва, 2001.
5. Гражданский процесс. Учебник / Под редакцией Треушникова М.К. - Москва, 1998.
6. Васьковский Е.В. Учебник гражданского процесса. - Москва, 2002.
7. Исполнительное производство: учебное пособие / В.В. Пиляева. - 4-е изд., стер. - М., КНОРУС, 2008.
8. Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы. - Бишкек, 2008.
9. Сатыбеков С.С. Кыргыз Республикасынын Жарандык-Процесстик укугу. - Бишкек, 2012.
10. Морозова И.Б., Треушников А.М. Исполнительное производство: Учебно-практическое пособие. - Москва, 2004.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Мазитов Р.Я.**